DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2021

*Кадыров А.А.*

## КЫРГЫЗ-ТАЖИК МАМИЛЕЛЕРИ: ЧЕК АРА ЧЫР-ЧАТАКТАРЫ ЖАНА САБАКТАРЫ

*Кадыров А.А.*

## КЫРГЫЗСКО-ТАДЖИКСКИЕ ОТНОШЕНИЯ: ПРИГРАНИЧНЫЕ КОНФЛИКТЫ И УРОКИ

*A. Kadyrov*

## KYRGYZ-TAJIK RELATIONS: BORDER CONFLICTS AND LESSONS

*УДК: 93/94*

*Макалада кыргыз-тажик мамилелери анализденип, буга чейинки чек ара көйгөйлөрү жана ага байланышкан жаңжалдардын себептери талдоого алынган. Кыргыз-тажик элдеринин географиялык жактан жайгашуусунун, этностук, коңшулук карым-катнаштын тарыхый өбөлгөлөрү менен кошо чыр-чатакка себеп болгон факторлор: чек ара сызыктарынын такталбагандыгынын натыйжасында жер, суу ресурстарына байланышкан талаш-тартыштардын эки элдин өз ара мамилесине тийгизип жаткан терс таасирлери, талаш-тартыштары жана бул маселе боюнча мамлекеттик уюмдардын кемчиликтери белгиленген. Эки өлкөнүн аскердик күч түзүмдөрү, эки элдин кызыкчылыгына доо кетирген саясий топтордун аракеттери талдоого алынып, ар кандай ички, тышкы коркунучтардын алдын алуу боюнча сунуштар берилген.*

***Негизги сөздөр:*** *Борбордук Азия, Кыргызстан, Тажикстан, чек ара, конфликт, коомчулук.*

*В статье анализируются кыргызско-таджикские отношения, анализируются предыдущие пограничные проблемы и причины связанных с ними конфликтов. Факторы, способствующие конфликту, включая географическое положение кыргызско-таджикских народов, исторические корни этнических и добрососедских отношений: негативное влияние споров по поводу земельных и водных ресурсов на отношения между двумя народами, по недостатки госорганов в результате размытия границ. Он также охватывает причины вооруженного конфликта между двумя странами. Были проанализированы военные структуры двух стран, действия политических групп, наносящих ущерб интересам двух народов, и даны рекомендации по предотвращению различных внутренних и внешних угроз.*

***Ключевые слова:*** *Центральная Азия, Кыргызстан, Таджикистан, граница, конфликт, сообщество.*

*The article analyzes the Kyrgyz-Tajik relations, analyzes the previous border problems and the reasons for the conflicts associated with them. Factors contributing to the conflict, including the geographical position of the Kyrgyz-Tajik peoples, the historical roots of ethnic and good neighborly relations: the negative impact of disputes over land and water resources on relations between the two peoples, and the deficiencies of state bodies as a result of blurring borders. The military structures of the two countries were analyzed, the actions of political groups that damage the interests of the two peoples, and recommendations were given to prevent various internal and external threats.*

***Key words:*** *Central Asia, Kyrgyzstan, Tajikistan, border, conflict, community.*

Үч күндүк кыргыз-тажик жаңжалы (2021-ж. апрель) эки өлкө жетекчилеринин аракети менен токтотулуп, кыргыз тараптан 35, тажик тараптан 16 адам өлүмү менен коштолду. Мындан сырткары эки тараптан тең ондогон адамдар жаракат алып, бир топ моралдык жана материалдык чыгымдар менен кошо тынчтык жолуна түштү. Эки өлкөнүн ортосундагы мындай мамиле эки тарапка тең – жаңылык эмес, анткени мындай окуялар буга чейин да бир нече ирет кайталанган. Экинчиден, буга чейинки жаңжалдар тирешүү, таш урууу менен коштолуп келген болсо, бул ирет тажик тарап автомат, пулемот, гранатомет жана вертолет аркылуу чабуул жасап, чек ара аймактарына оор техникаларын (танк, бронетехника ж.б.) алып келген. Үчүнчүдөн, согуштук аракеттердин масштабы кеңейип, Баткен, Лейлек райондорунун чек ара аймактарындагы калктуу конуштар камтылган.

Аймактагы чыр-чатактардын себептери: бул чакан аймак (Баткен районунун Ак-Сай, Ак-Татыр жана Исфара районунун Чарку, Варух аймактары) стратегиялык жактан эки өлкө үчүн да маанилүү: Варух анклавын Тажикстан жана Лейлек районун Баткен менен туташтыруучу – эки негизги жол ушул жерден кесилишет, мында эки тараптан тең көзөмөл-өткөрүү бекети орнотулбаган. «Түндүктөн-түштүккө жана түштүктөн-түндүккө карай агып турган контрабандалык эки агым бар, биринчиси Кыргызстан Россиядан жеңил баа менен алган жанар майларын жеке жактар аркылуу аткезчилик жол менен Тажикстанга жеткизет, экинчиси Афганистандан чыккан маңзаттары Россиянын ири шаарларына чейин барат» [1]. Тажикстандын түндүк аймагын тышкы дүйнө – Казакстан, Россия, Кытай менен байланыштыруучу эки жолдун бири (экинчиси Кызыл-Бел көзөмөл-өткөрүү бекети). Экинчиден, Ак-Суу дарыясынан Кыргызстан, Тажикстан жана Өзбекстанга суу бөлүштүрүүчү дарбаза мында жайгашкандыктан, негизги суу артериясына ээлик кылууга кызыгуу күч. Үчүнчүдөн, бул аймакта калк жыш жайгашкан жана эки өлкөнүн жарандары аралаш отурукташкандыктан, чек ара сы-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



зыктары такталбай келет. Ошондуктан, өткөн кылымдын 70-жж. бери жер, суу ресурстарына байланышкан чек ара чыр-чатактары байма-бай кайталанып келет.

Мындай талаш-тартыштар 1968-ж. Мачаи – Ак-Татыр, 1982-ж. Варух – Танги, 1988-1989-жж. Мачаи – Ак-Татыр айылдарда болуп өткөн. 1991-ж. тажик тарап Ак-Татыр айылынын күн батыш тарабынан 10 миң га кыргыз жерин түбөлүк пайдаланууга берүү талабы менен чыккан, бул конфликт мамлекеттер аралык деңгээлге чейин жеткен. 2014-ж. суу бөлүштүрүүчү дарбаза алдында эки тараптан атышуу болгон жана 2019-ж. эки тараптын куралдуу кагылышуусунан бир канча адам жабыркаган. Акыркы жылдарда бул маселе дагы курчуп баратат. Кыргыз-тажик чек арасында 2019-ж. 14, 2020-ж. 9, 2021-ж. төрт айында 4 жаңжал катталган [1]. Анын себеби: чек ара, жер, суу ресурстары, коррупция, контрабанда жана мамлекеттик бийликке ишенбөөчүлүк.

Эки өлкөнүн ортосундагы куралдуу кагылышуунун дагы бир себеби: ушул жылдын апрелинде Баткенде ири масштабдуу аскер күчтөрүнүн окуу-машыгуусу өткөн жана чек ара маселеси боюнча эки өлкө жетекчилеринин соцтармактардагы дипломатиялык эрежелерге сыйбаган билдирүүлөрү коомчулукта ар кандай пикирлерди жараткан.

Тажикстандын Баткен областына жасаган куралдуу агрессиясы (2021-ж. апрель) мурдагылардан бир топ өзгөчө болгон. «Бул чыр-чатак алдын-ала пландалган болушу мүмкүн. Анткени, саат сайын тездик менен тутанган куралдуу чыр-чатак Тажикстандын борбору Дүйшөмбү шаарында Жамааттык коопсуздук келишим уюмуна (ЖККУ) мүчө-мамлекеттердин Коопсуздук кеңешинин катчыларынын жыйналышы аяктай электе башталып жатат. Демек, бул жагдай тажик жетекчилигине кайсыл бир согуштук аракеттерди жүргүзүүгө ыңгайлуу болгон» [2].

Тажикстандын аскерлери Кыргыз Республикасы менен Тажикстан Республикасынын ортосунда 2004. 26-майында түзүлгөн коңшулук жана өнөктөштүк мамилелер жөнүндөгү келишимди, тынчтыкта жашоо принциптерин, достук жана кошуналык мамилелерди бузуп, Кыргыз Республикасынын аймагын басып алуу максатында Кыргыз мамлекетинин суверендүүлүгү менен бүтүндүгүнө кол салып, жүзү каралык менен биздин өлкөнүн аймагына кирип, чек араны өз алдынча бузуп, себепсиз түрдө тынч жашаган жарандарды, чек араны коргогон аскер, укук коргоо органдарынын кызматкерлерине автоматтардан, миномёттордон, бронетехникалардан, аскердик тик учактардан жана башка аскердик куралдан ок чыгарышкан.

Тажикстан Республикасынын аскер кызматкерлери миномёт жана аскердик тик учактарды колдонуу менен «Булак-Башы», «Капчыгай», «Достук», «Миң-Булак» чек ара тозотторуна «Кожожар», «Кызыл-Бел» чек ара постторуна жана Баткен, Лейлек райондорунун калктуу пункттарына кол салышып, Кыргыз өлкөсүнүн калктуу конуштарын жана аймактарын басып алышкан. Алардын аракетинде пландаштыруу, агрессивдүү түрдөгү куралданууга даярдык, аны таңылоо, эл аралык келишимдер менен бүтүмдөрдү бузуу менен агрессиялык согушту жүргүзүү байкалат [3].

Тажикстан ушундай ыкчамдык менен миномёттер жана аскердик вертолеттор сыяктуу олуттуу курал-жарактарды колдонуп, тынымсыз аткылаган согуштук аракеттерди баштап жибергени – Кыргызстандын аймагындагы Варух анклавы менен материктик аймакты бириктирген жолго көзөмөл орнотууга алып келе тургандай ийгиликке жетишүүнү көздөгөн болушу мүмкүн. Жыйынтыгында, Кыргызстан өзүнүн Лейлек районуна өтө албай, Лейлек өзү кайра Тажикстандын ичиндеги анклавга айланып калышы ыктымал. Ошондуктан, бул чатак кокустан чыкты дегенге болбойт. Тажикстанга чакан согуш керек болгон [2].

Бирок, канча чыр чатак чыккан сайын чек аралар такталгандын ордуна кайра ырбап, өз ара мамиле курчуп баратат. Мындан кимге пайда, кимге зыян? Албетте, эки тарапка: мамлекетке жана карапайым калкка. Мына кийинки тажик-кыргыз жаңжалында (буга чейин да) каза болгондордун, жабыркагандардын негизи карапайым калк. Канча жаңжал, канча жоготуулар, канчалаган чыгымдар болгону менен бир да маселе оң жагына чечилбестен, кошуна калктардын ортосундагы мамиле улам суup баратат.

Бүгүнкү тышкы идеология да Борборазиялык теги бир, тарыхы бир, бир аймакта байыркы кылымдардан бери бирге жашаган калктардын, айрыкча жаштардын аң-сезимине коңшулаш калктарды бирибирине «душман» көрсөтүп, тескери көз карашты калыптандырып, кылымдарды карыткан ысык мамилени биротоло ойрондотуп жатканы тынчсыздандырат.

Көп этностуу Фергана чөлкөмү б.з.ч. IV к. Тарта белгилүү болгон, мындан атактуу аалымдар чыгып, чыгыш илимин, чыгыш маданиятын Европа, Азия, араб өлкөлөрүнө чейин тараткан. Фергана калктарында этникалык жиктелүү түшүнүгү 1860-1870-жж. Тагыраак айтканда орустар келгенге чейин болгон эмес. Батыш империялары «этникалык» жана «улуттук» деген түшүнүктөрдү чыгыштагы колонияларына атайын киргизген жана «разделяй и властуй» деген принципти карманышкан. Натыйжада, миң жылдыктарды карыткан илим, маданият, каада-салт жана баалуулуктар акыркы жүз жылда биротоло ыдырай баштаган.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Албетте, бул калктар бири-биринен ажырай да албайт, бири-бирин сүрүп да чыгалбайт жана бири-биринен артык кошунаны да таппайт. Бирок, мына ушундай идеология өкүм сүрүп олтурса, албетте, алардын ажырымын арбытып, биротоло жексен кылары анык. Ар бир улут өз алдынча эгемендүү мамлекет болгондон кийин бул ажырым дагы да тереңдей баштаган.

Борбор Азиянын эгемендүү өлкөлөрү мамлекеттүүлүктүн ички, тышкы саясий, укуктук ж.б. маселелерин тикелей албай жаткандыгы жашыруун эмес. Мисалы: чек араны тактоо, жер, суу ресурстарын пайдалануу чегин аныктоо мамлекеттик иш. Мамле-кеттин ички, тышкы коопсуздугун камсыздоо, мамлекетти коргоо күч түзүмдөрүнүн милдети. Ага бюджеттен белгилүү сумма бөлүнөт.

XIV к. Италиянын мамлекеттик ишмери Макиавелли «Тынчтыкты кааласаң согушка даяр бол», - деп айткан. Кыргыз армиясынын бюджети (2020-ж.) 127 млн доллар, Тажикстандыкы 80 млн доллар болгон. Армиясы боюнча эл аралык рейтингде (2021.) 139 өлкөнүн арасынан Өзбекстан 48, Казакстан 54, Түркмөнстан 75, Кыргызстан 91, Тажикстан 94 орунга чыккан. Аскердик доктринасын Кыргызстан 2013. Тажикстан 2005-ж. кабыл алган, эки тараптын тең документи коргонуу мүнөзүндө [4]. Бирок, бул өлкөлөрдүн согуштук даярдыгы өз ара эмес, дүйнөдөгү, айрыкча Жакынкы Чыгыштагы, Афганистандагы кырдаал курчуп турган мезгилде, тышкы коркунучтардан коргонууга багытталуусу абзел.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында мамлекет чек араны коргоо милдетин жөндөй албагандыктан, эл аралашып калган. Азыр мамлекетте кубаттуу армия, аскердик техника жетиштүү. Элдин таш, таяк менен коргонуу доору эбак эле бүткөндүгүн кечээки окуялар ачыктады. Экинчиден, элдин мамлекетке ишениминин жоктугу. Мамлекет элдин талабын, элдин мүдөөсүн аткара албагандыктан, мамлекет жетекчилери коррупцияга, контрабандага аралашкандыктан аларга коомчулук ишенбейт. Үчүнчүдөн, коррупциялык, контрабандалык кесепеттерден улам калктын жашоо деңгээлинин төмөндүгү, анын натыйжасында ички, тышкы миграциянын көбөйүшү. Бул көйгөй негизинен Фергана чөлкөмүндөгү калктардын баарына мүнөздүү.

Эң негизгиси – чек ара сызыктарынын такталбагандыгы, жер, жол, суу ресурстарын пайдаланууда өз ара келишимдин жоктугу. Бул маселелер мамлекеттер ортосунда гана чечилүүгө тийиш, ага карапайым калкты аралаштырып, саясатташтыруунун кереги жок. Бул аймакта жер, суу ресурстары али жетиштүү, өздөштүрүлө элек запастар да арбын, бир гана мамлекеттик саясат жетишпейт.

Жыйынтыгында чек араны тактоо; жол, суу ресурстарын пайдалануу боюнча эки тараптын кызыкчылыгын бирдей караган келишим түзүү; жарандык коом менен мамлекеттин ортосунда ачык-айкындуулукту камсыздоо; коррупцияны ооздуктоо; калктын социалдык абалын жакшыртуу сунушталат.

Фергана жергесинде буга чейин да бир канча кандуу окуялар өттү. Баткен согушу, Тажикстандагы жарандык согуш, Фергана окуясы, Ош окуясы ж.б. булардын башында кайсыл бир топтор туруп, андан жергиликтүүлөр гана жабыркаган. Кечээги тажик-кыргыз чек арасындагы куралдуу кагылышуу анын дагы бир уландысы, аны акыркысы деп айтуу али эрте.

Тарыхы далай кылымдарды карыткан калктар бири-бири менен тирешип, бири-бирин кас тутуп, бири батыштан, бири башка жактан жөлөк издеп жаткандыгы өкүнүчтүү. Фергана чөлкөмү 25 кылымдан бери өзүнүн жаратылыш байлыктары менен дүйнөнүн дөө-шааларын суктантып келген болсо, алардын бул чөлкөмгө болгон деми али да сууй элек. Ар кандай шылтоолор менен бул аймакка кызыккан күчтөр арбын. Бейишке тете аймакта илгертеден байырлаган элдер гана жашоого тийиш. Ал үчүн алар кандай жолдор менен болсо да биригип, ар кандай азгырыктарга алданбастан баары бирдиктүү болуусу шарт. Бул идеяны ишке ашырууда өзбек, казак, кыргыз, тажик, түркмөн калктары баш болгон мамлекет жетекчилери жана башка улуттар да четте калбоосу керек.

Жогоруда биз белгилегендей дүйнөдөгү ири оюнчулардын бул чөлкөмгө болгон кызыгуусу барган сайын артууда. Экинчиден, Афганистандагы куралдуу топтордун аракеттери түндүккө карай багытталары айтылып келет. Ошондуктан, кошуна өлкөлөр бири-бири менен каршылашкандын ордуна тышкы коркунучтарга каршы бирге болгондугу маанилүү.

**Адабияттар:**


1. Уралов С. Как решить приграничную проблему Кыргызстана. Бишкек – 24 kg. 7 мая 2021.
2. Дубнов А. О конфликте на границе Кыргызстана и Таджикстана. rus.azattyk.org 29.04.21.
3. КР Башкы Прокуратурасынын билдирүүсү. https://www.super. kg/kabar/news/359081/
4. Кыргызстан повысил позиции в мировом рейтинге военной мощи. https://www.vb.kg > doc > 396581.
5. Абдикеримов А.Ш. Приграничные проблемы в Баткенской области. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2016. №. 10. С. 178-180.